# Аллах ыймандуу адамдын жасаган жакшылыгынын сыйлыгын бербей коюп зулумдук кылбайт. Ага бул дүйнөдө жакшылыгын жана, акыретте болсо толук сооп-сыйлыгын берет. Ал эми каапыр болсо, бул дүйнөдө кудай деп кылган жакшылыктарына сыйлыгын алат. Ал эми акыретке барганда, ал эч бир жакшылыгынын сообун албайт

Анас бин Малик (Аллах андан ыраазы болсун) риваят кылган хадисте Аллахтын Элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: «Аллах ыймандуу адамдын жасаган жакшылыгынын сыйлыгын бербей коюп зулумдук кылбайт. Ага бул дүйнөдө жакшылыгын жана, акыретте болсо толук сооп-сыйлыгын берет. Ал эми каапыр болсо, бул дүйнөдө кудай деп кылган жакшылыктарына сыйлыгын алат. Ал эми акыретке барганда, ал эч бир жакшылыгынын сообун албайт».
[Сахих (ишенимдүү)] [Муслим жазып калтырган]

Пайгамбар (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) Аллахтын ыймандууларга болгон пазилеттүүлүгүн, ал эми каапырларга адилеттүүлүгүн баяндады. Ал эми ыймандуу адамдын, кылган жакшылыгынын сообу кемибейт. Тескерисинче, ага моюн сунгандыгы үчүн бул дүйнөдө жакшылык берилет жана акыретте анын сообу толугу менен сакталат. Ошондой эле ал бүт соопту акыретте гана алышы мүмкүн. Ал эми каапыр болсо, Аллах ага бул дүйнөдөгү жакшылыктары үчүн сыйлыгын берет. Акыретке барганда, ал үчүн сооп-сыйлыктар болбойт. Анткени жакшы иштерге эки дүйнөдө тең сыйлыгын алуу үчүн адам сөзсүз ыймандуу болушу керек.

النجاة الخيرية
ALNAJAT CHARITY

لجنة الدعوة الإلكترونية
EDC
E-Da'wah Committee